DOI:10.26104/NNTIK.2022.14.76.048

*Мамбеталиев Ж.Т.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТУРМУШУНДАГЫ КОЛДОНМО БУЮМДАРДЫН ЭСТЕТИКАЛУУЛУГУНУН ӨСПҮРҮМДӨРГӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Мамбеталиев Ж.Т.*

# ВЛИЯНИЕ ЭСТЕТИЧНОСТИ ПРИКЛАДНЫХ ИЗДЕЛИЙ В ЖИЗНИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА НА ПОДРОСТКОВ

*Zh. Mambetaliev*

# THE INFLUENCE OF AESTHETICS OF APPLIED PRODUCTS IN THE LIFE OF THE KYRGYZ PEOPLE ON TEENAGERS

*УДК: 37.013*

*Бул макалада автор тарабынан бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде окуучуларга эстетикалык тарбия берүүдөгү көркөм өнөр искусствосунун таасир этүүсүнө талдоо жүргүзүүгө аракет кылган. Билим берүү мекемелеринде эстетикалык тарбия берүүнү, анын ичинде көркөм өнөр искусствосу кенже куракта башталып берилиши маанилүү жана азыркы мезгилдин талабы болуп аткандыгын белгилейт. Тарбиянын бул түрү дүйнөлүк педагогикада, педагогика илимин изилдөөчүлөр тарабынан дагы салмактуу ойлор айтылгандыгы баса көрсөтүлгөн. Эстетикалык билим берүүчү мектептик предметтерди окутууда сабактын темасына жараша унутулуп бараткан элдик буюмдардын өзүн же анын сүрөтүн көрсөтүү менен сабактар өтүлсө деген ойду айтуу менен эл турмушундагы колдонмо буюмдардын инсан катары келечектеги ишмердүүлүктөрүндө, башка улуттар арасындагы алака иштеринде маданий малелердин калыптануусу жөнүндө дагы белгиленген. Аталган предметтик сабактарда окуучулар буюмдун формасы, түсү, материалы, аны аткаруу техникасы менен таанышып, искусство чыгармаларынан маалымат алып, искусство адамдарына карата эстетикалык табиттери ойгонуу менен туулуп өскөн жеринин табигый кооз жаратылышына сыймыктануу менен карай тургандыгын айткан.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз эли, турмуш, колдонмо буюмдар, өспүрүмдөр, таасир, эстетикалуулук.*

*В данной статье автором была предпринята попытка проанализировать влияние изобразительного искусства на эстетическое воспитание учащихся в современных общеобразовательных средних школах Кыргызстана. Преподавание эстетического воспитания в образовательных учреждениях, в том числе изобразительного искусства, важно с юных лет, и это стало требованием настоящего времени. На этот тип образования обращают внимание в мировой педагогике исследователи педагогики. При обучении школьным эстетическим образовательным предметам в зависимости от темы урока уроки следует проводить, показывая сами забытые народные предметы или их изображения также было отмечено о формировании культурных навыков в будущей деятельности людей, в отношениях между другими народами. На этих предметных занятиях учащиеся знакомятся с формой, цветом, материалом изделия, техникой его исполнения, получают информацию из художественных произведений, пробуждают у школьников эстетический вкус, гордо восхищаются природной красотой место, где они родились и выросли.*

***Ключевые слова****: кыргызский народ, жизнь, прикладные изделия, подростки, влияние, эстетичность.*

*In this article, the author has attempted to analize the infiuence of fine art on the aesthetic education of students in modern secondary schools of Kyrgyzstan. The teaching of aesthetic education in educational institutions, including fine arts, is important from a young age, and this has become a requirement of the present. Pedagogy researchers pay attention to this type of education in world pedagogy. When teaching school aesthetic educational subjects, depending on the topic of the lesson, lessons should be conducted showing the forgotten folk objects themselves or their images. It was also noted that the formation of cultural skills in the future activities of people, in relations between other peoples. In these subject classes, students get acquainted with the shape, color, material of the product, the technique of its execution, receive information from works of art, awaken the aesthetic taste of schoolchildren, proudly admire the natural beauty of the place where they were born and raised.*

***Key words:*** *Kyrgyz people, life, applied products, teenagers, influence, aesthetics.*

Тарбиялоонун негизги түрлөрүнүн бири болгон эстетикалык тарбияны четте калтырбастан Кыргыз эли өзүнүн оор мезгилдердеги турмуштарында дагы коомчулукта жана өз үй бүлөсүндө өспүрүмдөргө берип келген. Эстетикалык тарбия – адам тарбиялоодогу өтө маанилүү, көп убакытты талап кылуучу педагогикалык процесс деп айтсак болот. Мындай тарбия жаш өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнөн терең орун алган болсо, өзүн курчап турган чөйрөсүнө, келечектеги эмгек ишмердүүлүгүнө, турмуштук керектөөлөрүнө жана ошондой эле көркөм өнөр искусствосуна болгон көз карашы, башка адамдар менен болгон маданий мамлелери калыптанат. Мындай тарбияга каныккан бала ар кандай кереметтүү буюмдарды жаратуучулардан болуп калышы ажеп эмес, чыгармачыл улуу адамдардын практика жүзүндө аткарып аткан көркөм буюмдары анын жанындагы өспүрүмдөр үчүн эстетикалык тарбиялоонун каражаты болуп калышы эл арасындагы көрүнүштөрдүн мисалы болот. Ошондон улам «Кылганың мен үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» деп айтылып келет. Өзүнүн чөйрөсүндөгү

көркөм буюмдардын жасалышын эмоционалдык кабыл алуусунун натыйжасында балдардын көркөм дүйнөгө болгон көз карашына жана жан – дүйнө маданиятынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүлөт. Мектеп окуучуларына эстетикалык тарбия берүү мектеп программасындагы «Көркөм өнөр чыгармачылыгы» предметтик сабактарында ийгиликтүү ишке ашат. Бул предметтик сабактарда окуучулар буюмдун формасы, түсү, материалы, аны аткаруу техникасы менен таанышып, искусство чыгармаларынан маалымат алып, искусство адамдарына карата эстетикалык табиттери ойгонуу менен туулуп өскөн жеринин табигый кооз жаратылышына сыймыктануу менен таасирленишет. Эстетикалык тарбия түшүнүгүн, анын адамда калыптанышы боюнча маселенин үстүндө көптөгөн педагог окумуштуулар изилдөөгө алышкан (А.Буров, М.Каган, Т.Комарова, В.Малахов, М.Овсянников, Г.Тарасенко ж.б.) Алардын бардыгы эстетикалык тарбия маданиятынын калыптанышы инсандын чыгармачылык жөндөмдөрү менен байланыштуу экендигине макулдугун билдиришет. Буров көркөм – эстетикалык ишмердүүлүктү инсандын эстетикалык муктаждыктарын, эстетикалык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн эң жогорку баскычы катары карайт. Ал жеке адамдын түздөн-түз чыгармачылык ишмердигинде, өзүнүн эстетикалык объектисин түзүүдө гана эмес, ошондой эле эстетикалык объект менен жолугушууда да көрүнүшү мүмкүн жана биргелешип жаратууда, «өзүнүн» жаралышында чагылдырылат. Экинчи жагынан караганда бул да иш-аракеттин жыйындысы. Бирок биздин күндөрүбүздө абдан байкалып жаткан эстетикалык принцип эмгектин, илимдин, турмуш-тиричиликтин, спорттун, адамдын жаратылышка болгон мамилесинин бардык тармактарына киргизилип жаткандыгын белгилөө биз учун өзгөчө маанилүү. Эстетикалык принцип азыр материалдык жана рухий ишмердүүлүктүн түз маанисинде бардык түрлөрүнө жайылтылат. Көркөм-эстетикалык чыгармачылык элестетүү, фантазия жөндөмдүүлүгүнө абдан көз каранды. Алардын өнүгүшү эмоционалдык жана рационалдык оптималдуу катышка көмөктөшүшү керек, анткени бул жерде эмоциялар, образдуу өкүлчүлүктөр жана интеллект топтолгон [1].

Убакыттын өтүшү менен улам барган сайын биздин коомдо эстетикалык билимдердин зарыл экендиги сезилерлик деңгээлде барыга түшүнүктүү болуп калды. Адамзаттын коомунда жапырт билим берүү эмес, коомдук мааниге ээ болгон адам баалуулуктарын жана маданий баалуулуктарды арттыруу максатында жалпы билим берүүчү мекемелерде эстетикалык билим – тарбия берүүгө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы өзү эле көрүнүп турат. Маданий потенциалды актуалдаштыруу, өспүрүмдөргө эң зарыл болгон көркөм эстетикалык жана принципиалдуу жаңы маалыматтарды берүүчү негизги канал билим берүү мекемелери болуп эсептелет. Билим берүү мекемелеринде, бала бакчалардан баштап эстетикалык багыттагы билимдерди терең өздөштүрүү менен улуттун интеллектуалдык жана маданий потенциалын калыптандыруу аркылуу жөндөмдүүлүккө багытталган системаны түзүүнүн бүгүнкү күндө мааниси чоң. Анткени, психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жамааттык ишмердүүлүк инсандын өзгөчө мектеп жашында, чогу окуган жана теңтуштарынын арасында бала өз алдынчалык жолун туура тандоо муктаждыгы болуп саналат.

Жамааттык билим берүүгө көңүл бурбоо окуучулардын көзөмөлсүздүгүнө алып келет, муну биз бүгүн заманбап мектептен көп байкап жүрөбүз. Мындан тышкары, эстетикалык тарбиянын өткөн мезгилде топтолгон эбегейсиз зор тажрыйбасы талап кылынбаган бойдон калууда. Мектеп билим берүүсүндө ар тараптуу жана терең билимдүү, атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды калыптандыруу максатында улуттук билим берүү системасын өнүктүрүү болуп саналат. Бул окуу процессине заманбап технологияларды киргизүүнү карайт. Азыркы учур билим берүүнү өнүктүрүүнүн жаңы стратегиялык багыттарын аныктайт. Заманбап билим берүүнүн маанилүү милдеттеринин арасында жарандык жоопкерчиликти, укуктук өзүн-өзү башкара билүү, аң-сезимди жана руханий маданиятты, коомдо ийгиликтүү социалдашуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу саналат. Бул билим берүүнүн жана тарбиялоонун максаттарын жана ыкмаларын өзгөртүүнү, билим берүү системасында вариативдүүлүктү өнүктүрүүнү ар кандай социалдык-педагогикалык технологияларды колдонуу, инсанга багытталган жана компетенттүүлүк мамилелерди ишке ашырууну талап кылат [2]. Элдик мурас эмоционалдык жана эстетикалык жактан муундардын тажрыйбасы этно-улуттук өзгөчөлүктөгү баалуулук мамилени камтуу менен бирге адептүүлүккө, патриоттук сезимдерге, граждандыкка тарбиялоонун таасирдүү каражаты катары кызмат кылат. Ошентип, азыркы кездеги жалпы билим берүүчү орто мектептер жана мектептен тышкаркы мекемелери жан дүйнөнү өнүктүрүүнүн, эстетикалык багытта адамдык тарбия берүүнүн, жогорку эмоционалдык жана эстетикалык маданиятты тарбиялоонун чыныгы борборлору болуп калууга тийиш [3]. Мамлекетти өнүктүрүүнүн, демократиялаштыруунун жана коомду түп-тамырынан кайра куруунун шартында улуттук билим берүү системасын гумандаштырууга умтулуу менен искусствонун ролу жогорулаш керек эле, адамдын сулуулукту кабыл алуу жана жаратуу жөндөмдүүлүгүн ойготуу булагы катары искусствого болгон салттык көз караш бүгүнкү күндө жетишсиздей сезилип турат. Искусствонун анын ичинде көркөм өнөр искусствосунун адамга

тийгизген таасири барган сайын кеңири каралып, анын тарбияга тимйгизген таасирлери кылдат изилдөөгө алынышы өтө зарыл болуп турат. Өсүп келе жаткан муундун көркөмдүк жагынан, инсандык да өнүгүүсүнүн, жарандык жана жан дүйнөсү жактан калыптанышынын маселелерин чечүүдө искусствонун башка түрлөрүнөн көркөм өнөр искусствосунун артыкчылыгы бар десек болот. Бул сүрөт өнөр искусствосу аркылуу кабыл алуунун табиятынан гана эмес, ошондой эле эрте жашта эле көрө билүү ишмердүүлүгү чыгармачылыктын эң жеткиликтүү жана кызыктуу түрлөрүнүн бири болуп санала тургандыгы менен шартталган.

Орто мектептердеги көркөм өнөр искусствосу предметин окуп-үйрөнүүдө окуучулар өз элинин көркөм маданий жасалгалары, күнүмдүк турмушта керектелүүчү буюм-тайымдары ошондой эле эстетикалык мурастары менен таанышышат. Искусство – дубал беттериндеги сөлөкөттөр же музейлердеги илинип турган сүрөт чыгармалары эмес, искусство – чыгармачылыкка багытталган эмоциялык жана дагы көркөм сезимдерди пайда кылуучу каражат катары карасак болот.

Унутулуп бараткан элдик буюмдар көп эле, мисалга: саба, чанач, көнөк, кумган, ат жабдыктары, аңчылык куралдар, улуттук кийимдер жана башка көптөгөн буюмдарды атасак болот. Орто мектептердин көркөм өнөр предметиндеги окуу программаларында өзүнөн карап сүрөт тартуу, көркөм өнөр искусствосу боюнча аңгеме, темага карата сүрөт тартуу боюнча атайын бөлүмдөр бар. Ушул бөлүмдөрдү камтуу менен мектеп окуучуларынын аң-сезимдерине элдин турмушундагы күнүмдүк колдонулуп келген жана колдонулуп аткан буюмдардын эстетикалуулугун сүрөттөө аркылуу таасир берүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Буров А.И. Эстетика: проблемы и споры. М.,1975. С. 54.
2. Лихачев Д.Б. Теория эстетического воспитания школьников. - М., 2005.
3. Шатская В.Н. Общие вопросы эстетического воспитания в школе. - М., 1987.
4. Мамбеталиев Ж.Т. Развитие эстетической деятельности и их влияние на развитие творческих способностей у младших школьников. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №.7. - С. 134-135.